10КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
ЖАЛАЛ-АБАД ОБЛУСУ
НООКЕН РАЙОНУ
БҮРГӨНДҮ АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
ЖАЛАЛ-АБАДСКАЯ ОБЛАСТЬ
НООКЕНСКИЙ РАЙОН
БУРГАНДИНСКИЙ АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ

Бүргөндү айылдык кеңешинин
XXVIII – чакырылышынын кезектеги XVIII – сессиясынын

Жаңы-Арык айылы **№ 10 – Т О К Т О М У** 6-апрель 2023-жыл

**“Бүргөндү айыл аймагындагы Бишкек-Ош жана Ак-Бата Маданият унаа жолдорунун жээктерин архитектуралык талаптарга ыайык келтирүү үчүн керектелген акча каражатын ажыратып берүү жөнүндө”**

Бүргөндү айыл аймагындагы Бишкек-Ош жана Ак-Бата Маданият унаа жолдорунун жээктерин архитектуралык талаптарга ылайык келтирүү үчүн керектелген акча каражатын ажыратып берүү жөнүндөгү айыл өкмөтүнүн башкы эсепчиси М.Осмоновдун кайрылуусун угуп жана талкуулап Бүргөндү айылдык кеңешинин XXVIII – чакырылышынын кезектеги XVIII – сессиясы

**Т О К Т О М К Ы Л А Т:**

1. Айыл өкмөтүнүн башкы эсепчиси М.Осмоновдун кайрылуусу эске алынсын.

2. Бүргөндү айыл аймагындагы Бишкек-Ош жана Ак-Бата Маданият унаа жолдорунун жээктерин архитектуралык талаптарга ылайык келтирүү үчүн керектелген 1 000 000 (бир миллион) сом акча каражаты жергиликтүү бюджеттин эсебинен каралсын.

3. Жогоруда каралган акча каражаттары менен камсыз кылуу жана мыйзамдуу жумшоо жагы айыл өкмөтүнүн башкы эсепчиси М.Осмоновго жүктөлсүн.

4. Бул токтом массалык маалымат каражаттарына же сайтка жарыялансын.

5. Токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы Бүргөндү айылдык кеңешинин Финансы, бюджет экономика, чакан жана орто бизнести өнүктүрүү боюнча туруктуу комиссиясынын төрагасы Ө. Калмуратовко милдеттендирилсин.

**Бүргөндү айылдык кеңешинин төрагасы:** ______________ **Б. Кубатов**